| | |
|---|---|
| IV. Каршы пикирлерди жана арыздарды каттоо жана кабыл алуу<br>14. ~~Ушул Эрежелердин II бөлүмүндө каралган каршы пикир же арыз болуп Апелляциялык кеңешке келип түшкөн бул Эрежелердин III бөлүмүндө каралган каршы пикир же арызды берүүнүн шарттарын канааттандырган жазуу түрүндөгү каршы пикир же арыз таанылат.~~ | IV. Регистрация и прием возражений и заявлений<br><br>**14. Келип түшкөн каршы пикирди же арызды кабыл алуу жана каттоо ушул Эрежелердин III главасында каралган талаптарга шайкеш келүүсүн текшерүүнү жана ага каттоо номерин берүүнү камтыйт.**<br>**14-1 Апелляциялык кеңештин катчысына каршы пикирди же арызды кабыл алуу, каттоо, ошондой эле тиркелген материалдар менен өткөрүп берүү иш кагаздарын жүргүзүү үчүн жооптуу түзүмдүк бөлүм тарабынан каршылык же арыз Кыргызпатентке келип түшкөн күндөн тартып 3 жумушчу күндүн ичинде ишке ашырылат.**<br>**14-2. Апелляциялык кеңештин катчысы каршы пикирдин, арыздын жана аларга тиркелген материалдардын толуктугун расмий текшерүүнү жүргүзөт.**<br>**14-3. Эгерде каршы пикирде же арызда формалдуу кемчиликтер, анын ичинде ушул Эрежелердин 6-8-пункттарына ылайык келбеген кемчиликтер аныкталса, анда Апелляциялык кеңештин катчысы аларды өтүнүүчүгө көрсөтүү менен өтүнмө ээсине суроо-талап жөнөтөт, эки айдан ашпаган мөөнөттү белгилөө менен бул кемчиликтерди оңдоого мүмкүнчүлүк берет.**<br>**14-4. Эгерде каршы пикирге же арызга** |

| | |
|---|---|
| | **мыйзамда жана ушул Эрежелерде талап кылынган документтер тиркелбесе, Апелляциялык кеңештин катчысы арыз ээсине он жумушчу күндүн ичинде, а эгерде арыз ээси чет өлкөдө болсо, анда эки айдан ашпаган мөөнөттө мындай документтерди берүүнү сунуштайт.**<br>**14-5. Эгерде өтүнмө ээси кемчиликтерди ушул Эрежелердин 14-3 жана 14-4-бөлүктөрүндө көрсөтүлгөн тартипте жана мөөнөттө жойбосо же каршылык же арыз ушул Эрежелердин 7-пунктунда белгиленген мөөнөттөн тышкары берилсе, бул мөөнөттөр мыйзамда белгиленген тартипте калыбына келтирилбесе, Апелляциялык кеңеш каршы пикирди же арызды кайтарып берет.**<br>**14-6. Каршы пикирди же арызды кайтарып берүү жол берилген кемчиликтер жоюлгандан кийин аны жалпы тартипте экинчи ирет кароого тоскоолдук кылбайт.**<br>**14-7. Эгерде каршы пикирдин же арыздын талаптары Апелляциялык кеңештин компетенциясына кирбесе, анда, Апелляциялык кеңеш арызды кароосуз калтыруу жөнүндө жүйөлүү чечим чыгарат.**<br>**14-8. Каршы пикирди/арызды кайтарып берүүнүн же кароосуз калтыруунун бардык учурларында Апелляциялык кеңештин катчысы каршы пикирдин/арыздын көчүрмөлөрүн, ошондой** |

| | |
|---|---|
| | **каттоодон баш тартуу жөнүндө чечимге каршы пикирди канааттандырууда жана аларды пайдаланууга укук бергенде Апелляциялык кеңеш арызды тиешелүү түзүмдүк бөлүмдүн жаңыдан кароосуна жөнөтүү жөнүндө чечим кабыл алууга укуктуу.**<br><br>**Эгерде ойлоп табууга, пайдалуу моделге же өнөр жай үлгүсүнө, селекциялык жетишкендикке патент берүүгө, товардык белгини, тейлөө белгисин, географиялык белгини же товар чыгарылган жердин аталышын каттоого каршы пикир канааттандырылса, Апелляциялык кеңеш экспертизанын чечимин жокко чыгарат жана каттоону жана коргоо документин жокко чыгаруу жөнүндө чечим чыгарат.** |
| 36. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган учурларда Апелляциялык кеңештин чечими менен макул болбосо, каршы пикирди билдирген кайсы тарап болбосун чечимди алган учурдан тартып, ~~алты айдын~~ ичинде сотко даттанууга укугу бар. | 36. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган учурларда Апелляциялык кеңештин чечими менен макул болбосо, каршы пикирди билдирген кайсы тарап болбосун чечимди алган учурдан тартып, **үч айдын** ичинде сотко даттанууга укугу бар. |